## Илимий-изилдөө бөлүмү тарабынанм уюштурулуп, өткөрүлгөн илимий-методикалык семинарлар

1. **“Scopus маалымат базасына индексацияланган журналдардагы илимий басылмаларына макала даярдоо жана басмага берүү” аталышындагы кышкы окуу**

Кыргызстандын 5 (беш) ЖОЖуна өзгөчө статус берүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгын ишке ашыруунун алкагында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин талаптарына жооп берген зарыл көндүмдөрдү, билимдерди жана жаңы илимий изилдөөлөрдү түзүү, Scopus же Web of Science маалымат базаларында индекстелген эл аралык таанылган журналдардагы илимий басылмалардын санына өзгөчө көңүл буруу максатында Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 2023-жылдын 16-январынан 20-январына чейин **“Scopus маалымат базасына индексацияланган журналдардагы илимий басылмаларына макала даярдоо жана басмага берүү”** аталышындагы кышкы окуу уюштурулган жана 4 критерийдин негизинде илимий-изилдөө бөлүмүнөн, табият таануу,туризм жана агрардык технологиялар, эл аралык медицина, дүйнөлүк тилдер жана маданият, тарых факултеттеринен, жалпы 7 окумуштуу (изилдөөчү) Батыш университеттеринин бул жаатта чоң тажрыйбасы бар PhD докторанттары тарабынан маалыматка ээ болуп келишкен.






Меняем жизнь, открываясь миру
ВОЗМОЖНОСТИ ДЛЯ СОТРУДНИЧЕСТВА В ОБЛАСТИ ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ ВО ВСЕМ МИРЕ
Программа Европейского Союза в области образования, профессионального обучения, молодежи и спорта
Erasmus+
Erasmus+
www.erasmusplus.kg
erasmusplus.kg
erasmusplus.kg
Erasmus+



2. **“Scopus базасындагы индекстелген илимий журналдарга макала жазуу жана басмага берүү” аттуу семинар-тренинг**

Илимий-изилдөө бөлүмү тарабынан 2023-жылдын 6-февралынан 10-февралына чейин беш күнгө түзүлгөн графиктин негизинде факультеттер жайгашкан аймактарда “Scopus базасындагы индекстелген илимий журналдарга макала жазуу жана басмага берүү” аттуу семинар-тренинг уюштурулуп, өткөрүлгөн.

Семинар-тренингде “Кышкы окуунун” катышуучулары баяндама жасашып, катышуучуларга скопус базасында индекстелген эл аралык абройлуу илимий журналдарга макала жазууда теманы жана методологияны туура тандоо (Stata программасын колдонуу), макаланы басмага берүүдө скопустун базасынан илимий журналдарды издөө (SCIMAGO системасынын жардамында) жана илимий журналдардын деңгээлдери (журналдын квартили, OPEN ACCESS ж.б.) боюнча толук маалымат алышкан.

Семинар-тренингди өткөрүүнүн максаты ички рейтингдин, регионалдык рейтингдин талаптарын так жана туура системалуу аткарууда иш-аракеттерди күчөтүүгө багытталган. Жалпысынан, семинар-тренингге 378 катышуучу киришип, илимий макаланы жазуу жана басмага берүү процессин түшүнүү үчүн зарыл болгон негизги маалыматтарга ээ болушкан.




EXIT




Министерство образования и науки Кыргызской Республики
Ошский государственный университет
научно-методический семинар на тему:
Как написать и опубликовать рукопись в журнале индексируемого в базе данных Scopus



3. **“Магистратура менен докторантура программаларында изилдөө курстарын окутуу” аттуу илимий-методикалык семинар**

2023-жылдын 11-февралында университеттеги магистратура, докторантура (аспирантурада кошо) изилдөө усулдары боюнча сабак берген окутуучуларга **“Магистратура менен докторантура программаларында изилдөө курстарын окутуу”** аттуу илимий-методикалык онлайн семинар (Назарбаев университетинин профессору, ОшМУнун ардактуу профессору Шаматов Дүйшөн Алиевич баяндама жасаган) уюштурулуп, өткөрүлгөн.

Илимий-изилдөө бөлүмү тарабынан 2023-жылдын 11-февралында өткөрүлгөн илимий-методикалык семинарга университеттеги магистратура, докторантура (аспирантурада кошо) изилдөө усулдары боюнча сабак берген жана бул багытта кызыкдар болгон, жалпысынан 61 катышуучу онлайн катышкан. Илимий-методикалык семинарда Назарбаев университетинин профессору, ОшМУнун ардактуу профессору Шаматов Дүйшөн Алиевич баяндама жасап, кызыктуу баарлашуу, талкуу болуп, пайдалуу маалыматтарды угушкан. Семинар магистратура жана докторантурада изилдөө методдору курстары жана аны окутууда профессионалдык өнүгүүнү жүргүзүүнүн зарылчылыгы барбы же жокпу деген талкууну өткөрүү максатында уюштурулган. Жыйынтыгында илимий-изилдөө усулдары боюнча курсту окутуу үчүн “Жайкы мектеп” уюштуруу боюнча сунуштар каралган.



## 4. “Билим берүү жана илим министрлигинин илимий-изилдөө тармагында жасап жаткан реформалары жана илимий-изилдөөнү колдоочу заманбап ресурстары” аттуу илимий-методикалык семинар

2023-жылдын 12-13-январь күндөрү аспиранттар, изилдөөчүлөргө Билим берүү жана илим министрлигинин илим бөлүмүнүн башчысы Жакшылыков Жылдызбек Жакшылыкович катышкан **“Билим берүү жана илим министрлигинин илимий-изилдөө тармагында жасап жаткан реформалары жана илимий-изилдөөнү колдоочу заманбап ресурстары”** аттуу илимий-методикалык семинар өткөрүлгөн.





5. **“Эл аралык долбоор жазуу жана жыйынтыгында скопуска макала берүү” аттуу илимий-методикалык семинар**

2023-жылдын 1-март күнү ОшМУда эл аралык фонддор жана программалар менен биргелешип эл аралык долбоорлорду аткаруу максатында “Эл аралык долбоор жазуу жана жыйынтыгында скопуска макала берүү” аттуу илимий-методикалык семинар (Спикер катары Клаусталь Техникалык Университетинин приват-доценти (Германия), хабилитацияланган техника илимдеринин доктору Рыспаев Талант Акимжанович чакырылган) илимий-изилдөө бөлүмү тарабынан уюштурулуп, өткөрүлгөн.

Спикер катары Клаусталь Техникалык Университетинин приват-доценти (Германия), хабилитацияланган техника илимдеринин доктору Рыспаев Талант Акимжанович чакырылган.

Иш-чарага ОшМУнун ректору Кудайберди Гапаралиевич, эл аралык байланыштар бөлүмүнүн башчысы, Илимий-техникалык кеңештин мүчөлөрү, аткарылып жаткан долбоорлордун жетекчилери, факультет, колледждердеги бул багытта кызыкдар болгон 60 окумуштуу катышышкан.

Семинардын жыйынтыгында, ОшМУ өзгөчө статус алган университет катары “QS университетинин дүйнөлүк рейтингине” катышууда механизмдери боюнча жалпысынан маалыматка ээ болушкан.






белгиси -
кечиримдүү

## 6. **«Изилдөө усулдарын окутуу курсу» жайкы мектеп**

Магистратура, докторантура (аспирантурада кошо) изилдөө усулдары боюнча сабак берген окутуучуларга 3-июлдан 8-июль күндөрү бир жумалык **«Изилдөө усулдарын окутуу курсу»** жайкы изилдөө мектеби уюштурулган.

Жайкы мектепке ОшМУнун ректору, профессор Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич, илимий иштер боюнча проректору Арапбаев Руслан Нурмаматович жана илимий-изилдөө бөлүмүнүн башчысы Курбанбаева Нуржамал Нажимидиновна жетектеп, ал эми тренерлер Казакстан Республикасынын Сулейман Демирел университетинин илимий изилдоолор боюнча проректору Кайрат Молдашев, Назарбаев Университетинин Билим берүү жогорку мектебинин профессору, ОшМУнун Ардактуу профессору Дүйшөн Шаматов жана Борбордук Азиядагы Америка университетинен Социалдык изилдөөлөрдүн методологиялары, маалыматтарын иштеп чыгуу жана талдоо боюнча адиси Мехригүл Аблезова жана Эркин өнөр жана илимдер факультетинин деканы Карабаев Данияр чакыртылып, андан сырткары университеттен 49 изилдөөчү катталып, 34 изилдөөчү курстун угуучусу катары катышышып, профессионалдык билимдерин терендетишкен.

Курстун катышуучулары изилдөө усулдары боюнча негизги түшүнүктөрдү, теорияларды, принциптерди, сапаттык, сандык жана аралаш өткөн методдорду талкуулашкан. Изилдөө процесси, анын ичинде изилдөө проблемасы, максаты, суроолору, изилдөөнүн дизайны, маалымат чогултуу жана талдоо, изилдөө этикасы, жана башка темалар талкууланып, пайдалуу кошумча маалыматтарды алышкан. Практикалык көнүгүүлөр менен иш алып баруу абдан таасирдүү болуп, коюлган максаттарга жетүүгө көмөк болгон.

Катышуучулар “Жайкы мектепте” каралуучу темаларды өз дисциплиналарына ылайыкташтырып, курстун аягында ар бири өзүнүн тармагына ылайык изилдөө методдору боюнча курстун силлабусун иштеп чыгышып, сертификаттарга ээ болушкан.

Жайкы изилдөө мектебине бара турган кызматкерлерге ОшМУнун ректору, профсоюз комитети колдоо көрсөткөн.






ДОМАШНЕЕ ЗАДАНИЕ
Сформулируйте вопросы Вашего исследования


ГДЕ И КАК НАХОДИТЬ СТАТЬИ
Scholar.google.com
Science Direct, Tandfonline
https://oatd.org (диссертации)




A CERTIFICATE

## 7. “Илим изилдөөнүн актуалдуу маселелери” аттуу илимий-методикалык семинар

2023-жылдын 16-октябрь күнү ОшМУнун стратегиялык өнүгүү программасындагы QS рейтинг критерийлеринин негизинде илимий-изилдөө багытындагы милдеттерди аткаруу боюнча индикатордук планына ылайык университеттин профессордук-окутуучулук курамына багыттоо максатында “Илим изилдөөнүн актуалдуу маселелери” аттуу илимий-методикалык семинар Илим жана инновация бөлүмү тарабынан уюштурулуп, өткөрүлгөн.

Спикер катары Борбордук Азиядагы Америка Университетинин Гео-маалыматтык системалар жана аралыктан зонддоо борборунун жетекчиси, физика-математика илимдеринин кандидаты Орунбаев Сагынбек Жолчуевич чакыртылган.

Иш-чарага декандар, кафедра башчылар, илимий долбоордун жетекчилери, илимий борбор, илимий институттун жетекчилери жана декандын илимий иштер боюнча орун басарлары жана бул багытта кызыкдар болгон окутуучулар чакыртылып, жалпысынан 130 угуучу катышышкан.

Дүйнөлүк университеттердин рейтингдериндеги салмактуулук коэффициенттеринин баалоо маселеси жана Кыргызстандагы илим изилдөөнүн актуалдуу маселелери боюнча жалпысынан маалыматка ээ болушкан.







## 8. **“ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН ЕВРОПАДА ЖАНА ГЕРМАНИЯДА КАРЖЫЛОО БУЛАКТАРЫ (Нанотехнологияны турмушта колдонуу мисалында)” аттуу илимий-методикалык семинар**

2023-жылдын 26-декабрь күнү ОшМУнун стратегиялык өнүгүү программасындагы QS рейтинг критерийлеринин негизинде илимий-изилдөө багытындагы милдеттерди аткаруу боюнча индикатордук планына ылайык бул багытта алгылыктуу иштерди алдыга жылдыруу үчүн окуу жайга инвестиция тартууда университеттин профессордук-окутуучулук курамына эл аралык долбоорду аткарууга көмөк көрсөтүү, багыттоо максатында “Илимий изилдөөнүн Европада жана Германияда каржылоо булактары (Нанотехнологияны турмушта колдонуу мисалында)” аттуу илимий-методикалык семинар Илим жана инновация бөлүмү тарабынан уюштурулуп, өткөрүлгөн.

Германиядагы Нанотехнология илимий борборунун илимий координатору, техникалык илимдердин хабилдүү доктору, профессор Рыспаев Талант Акимжанович чакыртылган.

Иш-чарага Илимий-техникалык кеңештин мүчөлөрү, илимий долбоордун жетекчилери, илимий борбор, илимий институттун жетекчилери, декандар, кафедра башчылар жана декандын илимий иштер боюнча орун басарлары, андан сырткары магистранттар жана аспиранттар чакыртылып, жалпысынан 230 угуучу катышышкан.

Илимий-методикалык семинарда биринчи бөлүгүндө Нанотехнология жана аны колдонуу жана экинчи бөлүгүндө Европанын жана Германиянын илимди каржылаган Фонддору: Проекттерди жазуу жана аткаруу боюнча баяндама жасалып, кошумча пайдалуу маалыматтарды угушкан.





